**<u>КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ</u>**

# 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 1-июлуна чейинки мезгил аралыгына карата органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча иш-чараларга натыйжалуулук аудити жөнүндө

# ОТЧЁТ

**Бишкек 2024-ж.**

## МАЗМУНУ


**1. ЖАЛПЫЛОО ........ 3**

1.1. Аудиттин темасы тууралуу кыскача маалымат ........ 3

1.2. Аудиттин максаты ........ 3

1.3. Негизги байкоолор, корутундулар жана сунуштамалар ........ 4

**2. КИРИШҮҮ ........ 10**

2.1. Аудиттин темасынын жалпы маселелери боюнча абал ........ 10

2.2. КР Министрлер Кабинетинин ОАЧ маселелериндеги ролу ........ 13

2.3. Аудит субъектиси боюнча маалымат ........ 13

2.4. Каржылоо булактары ........ 14

**3. АУДИТТИН ЧӨЙРӨСҮ ЖАНА ЫКМАСЫ ........ 15**

3.1. Аудиттин темасы жана максаты ........ 15

3.2. Аудитти тандап алуунун себептери ........ 15

3.3. Аудиттин суроолору ........ 15

3.4. Аудиттин көлөмү (анын ичинде аудитордук топтун курамы) ........ 16

3.5. Аудиттин критерийлери ........ 17

3.6. Аудиттин методдору жана ыкмалары ........ 18

3.7. Маалыматтардын булактары ........ 18

**4. БАЙКООЛОР ........ 19**

4.1. Байкоолор жана корутундулар ........ 19

**5. СУНУШТАМАЛАР ........ 28**

# 1. ЖАЛПЫЛОО

## 1.1. Аудиттин темасы тууралуу кыскача маалымат

**Органикалык айыл чарба** – бул таза жер топурактарды, экосистемаларды жана адамдардын ден соолугун колдогон өндүрүш системасы. Бул система экологиялык процесстерге, биологиялык ар түрдүүлүктү жана жергиликтүү шарттарга мүнөздүү табигый циклдерди сактоого, айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизүүчү ресурстарды колдонуудан баш тартууга негизделген.[1].

Кыргыз Республикасы (мындан ары - КР) агрардык өлкө болуп саналат. Демек, өлкөдө органикалык айыл чарбасын (мындан ары - ОАЧ) өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарттар жана өбөлгөлөр (позитивдүү климат, булактардан чыккан таза суулар, тоонун таза абасы жана али толук бузула элек жер кыртышы) жетиштүү бар.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасында "**Экологиялуулукту сактоо жана органикалык өндүрүшкө багыт алуу айыл чарбасын өнүктүрүүнүн стратегиялык артыкчылыгынан болууга тийиш"** деп белгиленген. Бул стратегиялык документ "Органикалык өндүрүш" программасын ишке киргизүүнү камтыйт.

Азыркы учурда, республикада органикалык айыл чарба системасын өнүктүрүү жакшы жолго коюла элек. Бир нече көйгөйлөр бар, алардын негизгилери: ченемдик-укуктук базанын жетишсиздиги, ОАЧ өнүктүрүү боюнча стратегиялык программанын, сертификация системасынын, расмий маалымат базасынын жоктугу, маркетингдин, мониторингдин, фермерлердин жана керектөөчүлөрдүн маалымдуулугунун жетишсиздиги, ошондой эле өндүрүлгөн органикалык өндүрүмдөрдүн аз көлөмү.

## 1.2. Аудиттин максаты

Кыргыз Республикасында органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган иш аракеттердин натыйжалуулугун баалоо.

[1] IFOAMдын аныктамасы боюнча.
IFOAM – Экологиялык айыл чарба кыймылынын эл аралык федерациясы. Чарбачылыктын экологиялык таза ыкмаларын жайылтуу максатында 1972-жылы түзүлгөн.

## 1.3. Негизги байкоолор, корутундулар жана сунуштамалар

| Аудиттин негизги байкоолору | Аудиттин негизги корутундулары | Аудиттин негизги сунуштамалары |
|---|---|---|
| Органикалык өндүрүш боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаментине (мындан ары - КИӨЖОАЧ) жүктөлгөн.<br>2024-жылдын мартынан тартып Органикалык айыл чарба департаментине кайра иштетүү өнөр жайынын функциялары ага кошумча жүктөлүп КИӨЖОАЧ болуп кайра түзүлгөн. Кайрадан түзүлгөндөн азыркы учурга чейин КИӨЖОАЧ жаңы түзүмдүк түзүмү жана штаттык саны, кызматкерлердин функционалдык милдеттери бекитилген эмес. | ОАЧ боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу функциясы жетишсиз деңгээлде аткарылууда. КИӨЖОАЧ жетекчилигинин бат-баттан алмашуусу (5 жылдын ичинде 4 директор алмашты, 2024-жылдын июль айынан бери жаңы директор дайындалды) башкаруу саясатына таасирин тийгизет. | КИӨЖОАЧ, ага жүктөлгөн жаңы милдеттерди жана функцияларды эске алуу менен, анын түзүмдүк түзүмүн, түзүмдүк бөлүнүштөр жөнүндө жоболорун жана кызматкерлердин функционалдык милдеттерин бекитсин. |
| Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамы иштелип чыгып, кабыл алынган.<br>Ушул Мыйзамдын 34-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү тапшырылган. | Мыйзам алдындагы актыларды өз убагында иштеп чыгуу жагынан Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын талаптары бузулган. | ОАЧ ишин жөнгө салуучу мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгууну жана бекитүүнү тездетүү боюнча чаралар көрүлсүн. |

| | | |
|---|---|---|
| Ушул Мыйзамдын талаптарын аткаруу үчүн айрым мыйзам алдындагы актылар иштелип чыккан, бирок бекитилген эмес. | | |
| Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасында “Органикалык продукция” программасын ишке киргизүү каралган. Бирок, 2022-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасында тиешелүү мезгил аралыгына карата органикалык өндүрүштү өнүктүрүү программасы бекитиле элек. | Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасынын максаттарын аткарбоо органикалык айыл чарбасынын бирдиктүү өнүгүү концепциясынын, көз карашынын, багытынын, стратегиялык планынын жана финансылык ресурстардын жоктугуна алып келет. | “Органикалык продукция” программасын ишке киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасынын аткарылышын көзөмөлдөө камсыз кылынсын. |
| Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, органикалык өндүрүштү жана органикалык продукцияны сертификациялоо, органикалык продукцияны жүгүртүү жана маркировкалоо жүргүзүлөт.<br>Бүгүнкү күндө, органикалык өндүрүштү сертификациялоо системасы практикалык түрдө ишке толук киргизиле элек. | Сертификациялоо жана маркировкалоо системасынын жоктугу органикалык продукциянын сапатынын белгиленген стандарттарга шайкеш келүүсүн тастыктоого терс таасирин тийгизет. | “Органикалык өндүрүштү сертификациялоонун тартиби жөнүндө” Жобону практикалык ишке ашыруу боюнча чаралар көрүлсүн. |

| | | |
|---|---|---|
| "Органикалык өндүрүштү сертификациялоонун тартиби жөнүндө" Жобо 2024-жылдын июль айында гана кабыл алынган. Азыркы учурда, органикалык өндүрүштү сертификациялоо органдары түзүлө элек (PGS системасынан сырткары). | | |
| ОАЧ өнүктүрүү максатында төмөнкү эл аралык уюмдар жана донордук өнөктөштөр менен кызматташуу жүргүзүлүүдө, алар: FAO, OSCE, KOICA, KOPIA, ENACTUS, WB. Органикалык айыл чарба чөйрөсүндөгү долбоорлор негизинен фермерлерди окутуу жана жабдуулар менен камсыз кылуу, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга көмөк көрсөтүү жана сатуу рынокторуна чыгууну жакшыртуу, жаңы технологияларды киргизүү сыяктуу максаттарга жетүүдө.<br>Аудит 2 долбоорду карап чыкты:<br>1) KOICA долбоорунун алкагында "2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында органикалык айыл чарба саясатын ишке ашырууну колдоо жана фермерлердин потенциалын жогорулатуу" долбоору (5,0 млн АКШ доллары). Департаменттин | Тиешелүү мезгилге карата органикалык өндүрүштү өнүктүрүү программасынын жоктугу донордук каражаттарды натыйжалуу пайдалануусуна ыңгайсыз таасирин тийгизүүсү мүмкүн.<br><br>Аудиттин жүрүшүндө реконструкциялоодон кийин негизги каражаттардын балanстык наркынын өсүшү 33 798,9 миң сомго (378,5 миң АКШ доллары) жүргүзүлүп, топурак талдоо лабораториясынын 4 406,5 миң сомдук (49,3 миң АКШ доллары) жабдуулары бухгалтердик балanска кабыл алынган (капиталдаштырылган).<br><br>Бирок, жаңы түзүлгөн топурак талдоо лабораториясы 2024- | Каракол шаарындагы топурак талдоо лабораториясын ишке киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн. |

| | | |
|---|---|---|
| кызматкерлери жана фермерлери окуудан өтүп, Кореяга окуу сапарлары уюштурулду.<br>Ысык-Көл облусунун 3 районунда органикалык продукция боюнча кооперативдер уюштурулган (Тосор, Маман жана Теплоключенко органикалык аймактары). Алар үчүн шире сыккыч, кургаткыч, трактор, картошка сорттоочу жабдуулар, шире сактоо үчүн банкалар жана бочкалар сатып алынып берилген.<br>2) FAOнун “2022-2024-жылдарга органикалык продукцияны жөнгө салуу, сертификациялоо жана маркетинг чөйрөсүндө мамлекеттик жана жеке сектордун потенциалын күчөтүү” долбоорунун алкагында (300,0 миң АКШ доллары), ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча иш-чаралар аягына чыга элек.<br>2023-жылы KOICA долбоору 376,1 миң АКШ долларына КИӨЖОАЧ Ысык-Көл аймактык бөлүнүшүнүн (Каракол ш.) лабораториясынын имаратын толук реконструкциялады.<br>Ошондой эле, 49,3 миң АКШ долларына топурак талдоо лабораториясына тиешелүү жабдуулар | жылдын февраль айынан бери бүгүнкү күнгө чейин иштебей келет. Себеби, тиешелүү квалификациядагы адистердин жетишсиздиги жана штаттык сандын чектелгендиги. | |

| | | |
|---|---|---|
| алынып берилген. Ошол эле учурда, 8 айдан ашык убакыттан бери КИӨЖОАЧ имаратты реконструкциялоого сарпталган чыгымдарды эске алып, имараттын баланстык баасы капиталдаштырылган эмес. Андан сырткары, лаборатория үчүн алынып берилген жабдуулар да бухгалтердик балански алынган эмес. Мындай жагдайлар, КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-П буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө» Жобонун 142-пунктунун талаптарын бузуу болуп саналат. | | |
| Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, мамлекеттик колдоо чараларынын бири болуп ОАЧ өнүктүрүү жана каржылоо, анын ичинде жеңилдетилген кредиттерди жана акысыз субсидияларды берүү программаларын кабыл алуу саналат. 2022-жылдын март айында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети “Агроөнөр жай комплексин | Органикалык өндүрүш кластеринде кредиттөө үлүшүнүн аздыгы фермерлердин өздөрүнүн финансылык сабаттуулугунун жетишсиздиги, ошондой эле коммерциялык банктардын кайра иштетүүчүлөр менен продукцияны келечекте сатып алуу боюнча келишимдерди | “Органикалык өндүрүш” кластеринде “Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоорун ишке ашыруунун натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүлсүн. |

| | | |
|---|---|---|
| кредиттөө” долбоорун кабыл алган. Долбоордун максаты - агрардык сектордогу, анын ичинде Органикалык өндүрүш кластеринде жеңилдетилген кредиттөө аркылуу ишкердик субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү. 2024-жылдын 1-июлуна карата, бул долбоордун алкагында, жалпысынан 6 820 фермерлер 12,4 миллиард сомдук жеңилдетилген насыяларды алышкан. Ал эми, “Органикалык өндүрүш” кластери боюнча 21 фермер (0,3%) жеңилдетилген кредиттерди алышкан, жалпы суммасы 75 515,0 миң сом (0,6%), анын ичинен 18 дыйкан-фермер 24 015,0 миң сом, 3 агрегаторлор (кайра иштетүүчүлөр) – 51 500,0 миң сом. | камсыздоо талаптары менен түшүндүрүлөт. | |

**Аудиттин негизги субъектиси:**

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаменти.

**Аудиттин негиздери жана өбөлгөлөрү:**

– Шанхай Кызматташтык Уюмунун өлкө-мүчөлөрү болгон Кытай Эл Республикасынын Улуттук аудит органынын, Казакстан Республикасынын Жогорку аудитордук палатасынын, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана Пакистандын Башкы аудиторунун кеңсесинин ортосунда кол коюлган, айыл чарба тармагында параллелдүү натыйжалуулук аудитин жүргүзүү боюнча Меморандуму;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 18.07.2024-ж. № 06-1/495, 08.05.2024-ж. № 06-1/533, 09.10.2024-ж. № 06-1/599 жана 09.11.2024-ж. № 06-1/601 буйруктары.

Аудит INTOSAI (ISSAI) эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн.

Тапшырылган документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчилик КИӨЖОАЧ жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн жетекчилигине жүктөлөт.

# 2. КИРИШҮҮ

## 2.1. Аудиттин темасынын жалпы маселелери боюнча абал

Дүйнөдө 188 мамлекет органикалык продукцияларды өндүрөт. ОАЧ жерлеринин жалпы аянты 2022-жылы 96,4 млн га түзгөн, бул дүйнөлүк айыл чарба жерлеринин 2%ын түзөт (2021-жылга салыштырмалуу 0,4%га өсүү)[2].

ОАЧ өнүктүрүү **2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүүнүн максаттарынын** кеминде 17 максатынын 8ине жетүүгө жардам берет. Бул максаттар: 2) Ачкачылыкты жоюу; 3) Ден соолук жана бакубат жашоо; 6) Таза суу жана санитария; 8) Татыктуу эмгек жана экономикалык өсүш; 12) Жоопкерчиликтүү пайдалануу жана өндүрүү; 13) Климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү; 14) Деңиз экосистемаларын сактоо; 15) Жер үстүндөгү экосистемаларды сактоо.

Химиялык жер семирткичтерди интенсивдүү пайдалануу жердин бузулушуна алып келет. Көптөгөн дыйкандар ар бир жер семирткичтин канча өлчөмүндө колдонулушу керектигин так билбестен, химиялык жер семирткичтерди колдонушат, айрым учурларда “эгер химиялык заттарды көбүрөөк колдонсо, көбүрөөк түшүм берет” деген принциптер да колдонууда. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча, 2010-2020-жылдары зыянкечтерге каршы күрөшүү үчүн пестициддерди жана химикаттарды колдонуу 82 пайызга өскөн. Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму адам ооруларынын 25 пайыздан ашыгын алдын ала турган мүмкүнчүлүгү бар экологиялык факторлордун

[2] FiBL and IFOAM – Organics International 2024 Statistics and Emerging Trends (2024-ж. чыгарылышы).


таасирлери менен байланыштырат. Бул жагынан алганда, ОАЧ өнүктүрүү өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Бул өндүрүш калктын ден соолугуна пайдалуу тамак-ашты өндүрүүгө багытталган. Кыргыз Республикасында, бүткүл дүйнөдөгүдөй эле ОАЧ сектору жай өнүгүп жатат (дүйнөлүк орточо көрсөткүчтүн 0,3%).

Учурда, Кыргыз Республикасында фермерлердин органикалык айыл чарбаны өнүктүрүүгө кызыгуусу бар, бул калктын ден соолугун чыңдоого, экологияны сактоого жана айыл чарбасында экономикалык өсүштү жогорулатууга салым кошот. Бул багыт салттуу айыл чарба өндүрүшүнө кошумча өндүрүш катары каралат.

КИӨЖОАЧ маалыматына ылайык, 2024-жылдын 1-июлуна карата Кыргызстанда 67,4 миң га жерди органикалык өндүрүш ээлейт, бул Кыргыз Республикасынын жалпы айдоо аянтынын (1,2 млн га) 5%ын түзөт. 2024-жылы органикалык өндүрүштүн аянты 2023-жылга салыштырмалуу 1,5 миң гектарга көбөйгөн. Кыргыз Республикасында негизги органикалык продукциялары болуп беде, картошка, жашылчалар, дары-дармек өсүмдүктөрү (жалбыз, календула, валериана), өрүк, кара өрүк, жаңгак, пахта, нокот, төө буурчак, бал ж.б. Республикада жалпысынан 2023-жылы 204,4 миң тонна, 2022-жылы – 397,9 миң тонна органикалык продукциялар өндүрүлгөн.

КР органикалык продукцияларынын түрлөрү боюнча (тонна)



2024-жылдын 1-июлуна карата, республикада органикалык продукцияны өндүрүү төмөндөгүдөй көрсөтүлгөн:

1) эл аралык стандарттарга ылайык органикалык продукцияны өндүрүүчү жана кайра иштетүүчү 6 кооператив. Алар пахтаны, дары чөптөрдү, өрүк, төө буурчак, жаңгак, мисте, жапайы каперс, кара өрүк жана башка айыл чарба өсүмдүктөрүн өндүрүп, чогултуп, чет өлкөлөргө экспорттошот. Жалпысынан 21 149 га жер сертификацияланган.

2) PGS система[3] боюнча сертификатталган органикалык продукцияны өндүрүүчү, аларды жергиликтүү базарларга сатуучу 10 органикалык аймактар, алардын жалпы аянты 7 345 га.

3) Өткөөл мезгилдеги 15 органикалык аймактар жана 192 пилоттук чарбалар жергиликтүү рынокко өз продукцияларын сатышат, алардын жалпы аянты 38 845 га.

2023-жылы органикалык продукциянын экспорту 6,4 миң тоннаны түздү. 2024-жылдын октябрына карата экспорт – 9,5 миң тоннага жакын. Негизинен алма, кара өрүк, биопахта, өрүк, дары чөптөр, кургатылган жемиштер, жапайы токой азыктары, төө буурчак, жаңгак, бал жана башкалар Россия, Кытай, Казакстан Республикасы, Түркия, Германия, Беларус Республикасы, Молдова ж.б. экспортолот.

| **Чарбачылыктын түрү** | **2024-ж.** | |
|---|---|---|
| | **Саны** | **Аянты (га)** |
| Пилоттук чарбалар | 192 | 3 660 |
| Органикалык аймактар | 15 | 35 185 |
| Органикалык аймактар (PGS системасы боюнча) | 10 | 7 345 |
| Эл аралык сертификат алган чарбалар | 6 | 21 149 |
| **Бардыгы** | | **67 339** |

Бүгүнкү күндө, ОАЧ өнүктүрүү үчүн негизги көйгөйлүү факторлор болуп төмөнкүлөр саналат:

[3] PGS (Participatory Guarantee Systems) – кепилденген катышуу тутуму, үчүнчү жак тарабынан сертификаттоо алкагынан тышкары иштеген, органикалык өндүрүмдү өндүрүүчүлөрдүн ата мекендик бирикмелери тарабынан ыктыярдуулук, ишеним көрсөтүү, алардын мүчөлөрүнүн жана кызыкдар тараптардын жигердүү катышуусу принциптеринде колдонулуучу, органикалык өндүрүмдүн шайкештигин жана сапатын камсыз кылуунун жана ырастоонун локалдык тутуму.

- ОАЧ боюнча мыйзамдык базанын жана укуктук ченемдик актыларынын жетишсиздиги; ОАЧ чарбаларына баа берүүнүн так критерийлери бар стратегиянын жоктугу (мисалы, фермерлердин саны, ОАЧ чарбаларынын айдоо аянттарынын көлөмү, өндүрүлгөн продукциянын көлөмү, экспорттун көлөмү, алынган кредиттердин саны, сертификатталган органикалык өндүрүш фермерлеринин санын көбөйтүү ж.б.);
- тиешелүү жылдарга ОАЧ өнүктүрүү программасынын долбоорунун макулдашуусунун узактыгы;
- ОАЧ мамлекет тарабынан колдоонун жетишсиздиги;
- ОАЧ жаатында квалификациялуу адистердин жетишсиздиги;
- фермерлер үчүн насыя алууда кыйынчылыктар.

Аудитте белгиленгендей, Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн ОАЧ продукциясынын көлөмү анча чоң эмес, бул дүйнөлүк тенденцияларга деле дал келет. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бул маселеге көңүл бурууда. Ошону менен бирге эле, улуттун ден соолугун чыңдоо боюнча ОАЧ үлүшүн көбөйтүү үчүн комплекстүү чараларды ишке ашыруу зарыл.

## 2.2. КР Министрлер Кабинетинин ОАЧ маселелериндеги ролу

Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 24-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- улуттук саясатты ишке ашырат жана органикалык өндүрүш, органикалык өндүрүмдү жүгүртүү жана маркалоо чөйрөсүндөгү өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт;
- башка өлкөлөрдүн органикалык тутумунун эквиваленттүүлүгүн, органикалык өндүрүмдүн эрежелеринин, органикалык өндүрүштүн жана органикалык өндүрүмдүн шайкештигин тастыктоо тутумунун эквиваленттүүлүгүн таануу жөнүндө макулдашууну түзөт;
- органикалык өндүрүш жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды дайындайт;
- ушул Мыйзамга ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## 2.3. Аудит субъектиси боюнча маалымат

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаменти аталган министрликтин ведомстволук бөлүнүшү болуп саналат, ага тамак-аш өнөр жайы, айыл чарба продукциясын кайра иштетүү жана экспорттоо, жашыл айыл чарба жана органикалык

өндүрүш жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу милдеттерин жүктөлгөн

Аталган департаменттин түзүмү 2 бөлүмдөн жана республиканын бардык областтарындагы 7 аймактык бөлүнүштөрүнөн турат. Департаменттин жалпы штаттык саны 57 бирдикти түзөт (2023-жылы – 60 бирдик).

## 2.4. Каржылоо булактары

КИӨЖОАЧ республикалык бюджеттен каржыланат. Алсак, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө" Мыйзамында жалпысынан 43 400,3 миң сом каралган, анын ичинен бюджеттик каражаттар 40 257,7 миң сом, атайын эсептин каражаттары 3 142,6 миң сом. Факт жүзүндө 2023-жылы 36 756,5 миң сом (91,3%) бюджеттик каражаттар, 2 062,6 миң сом (65,6%) атайын эсептин каражаттары пайдаланылган.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө" Мыйзамында жалпысынан 40 707,0 миң сом каралган, анын ичинен бюджеттик каражаттар – 38 599,3 миң сом, атайын эсептин каражаттары – 2 107,7 миң сом. Факт жүзүндө 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында 18 671,5 миң сом (48,6%) бюджеттик каражаттар, 740,6 миң сом (35,1%) атайын эсептин каражаттары пайдаланылган.

КИӨЖОАЧ маалыматы боюнча, 2023-жылдан 2024-жылдын июнь айына чейин эл аралык уюмдардын (донорлордун) каражаттарынын эсебинен төмөнкү долбоорлор ишке ашырылган:

- "Органикалык айыл чарба саясатын ишке ашырууну колдоо жана Кыргыз Республикасында фермерлердин потенциалын жогорулатуу", KOICA (Корея). Долбоордун мөөнөтү 5 жыл (2019-жылдан 2023-жылга чейин). Долбоордун жалпы баасы 5,0 миллион АКШ долларын түзөт;
- "Жашыл экономиканы жана экологияны башкарууну илгерилетүү", Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму (ЕККУ). Долбоордун жалпы баасы 1,5 млн сомду түзөт;
- "Ош областынын жана Ош шаарынын региондук экономикалык өнүгүүсү", Дүйнөлүк банк (АРИС тарабынан ишке ашырылган). Долбоор 3 жылга эсептелген. Бюджети 100 миң АКШ доллары;
- "Enactus Кыргызстан", "Жаш Табышкер" коомдук бирикмеси жана "Жаштар санариптештирүү, лидерлик жана жашыл көндүмдөр үчүн", Европа Биримдиги. Бюджети 30 миң АКШ доллары;
- "Региондук экономикалык өнүгүү (1-компонент: "Муниципалдык инфраструктураны, негизги мамлекеттик кызматтарды жана

потенциалды жогорулатууну колдоо”), Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (АРИС аркылуу), Бюджети 100 миң АКШ доллары;

- “2022-2024-жылдарга органикалык продукцияны жөнгө салуу, сертификациялоо жана маркетингде мамлекеттик жана жеке сектордун потенциалын күчөтүү”, Азык-түлүк жана айыл чарба уюму. Бюджети 300,0 миң АКШ доллары.

# 3. АУДИТТИН ЧӨЙРӨСҮ ЖАНА ЫКМАСЫ

## 3.1. Аудиттин темасы жана максаты

Темасы: 2023-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 1-июлуна чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасында органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугу.

Аудиттин негизги максаты: Кыргыз Республикасынын органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган иш аракеттердин натыйжалуулугун баалоо..

## 3.2. Аудитти тандап алуунун себептери

- органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча ченемдик укуктук актылардын жана мамлекеттик программалардын базасынын жетишсиздиги;
- органикалык айыл чарбасы жаатындагы сертификация системасынын жеткиликтүү эместиги;
- органикалык өндүрүштүн кошумча нарк чынжырчаларын өнүктүрүү үчүн шарттардын жетишсиздиги;
- органикалык өндүрүштүн субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү боюнча көрүлүп жаткан чаралардын жетишсиз деңгээли;
- органикалык айыл чарбасындагы субъекттерге жана жергиликтүү калкка органикалык өндүрүш тууралуу маалыматтын жетишсиздиги.

## 3.3. Аудиттин суроолору

- ОАЧ өнүктүрүү үчүн укуктук ченемдик актылардын жана мамлекеттик программалардын тийиштүү системасы барбы?
- Кыргыз Республикасында органикалык продукцияны сертификациялоо системасы кандайча ишке ашырылууда?
- ОАЧ тармагын өнүктүрүүгө эл аралык уюмдар жана донордук өнөктөштөр тартылабы?
- Органикалык өндүрүш субъекттерине мамлекеттик жеңилдетилген кредиттер жана субсидиялар берилеби?

- ОАЧ субъекттеринин КИӨЖОАЧ биологиялык лабораторияларынын продукцияларына болгон керектөөсүнө талдоо жүргүзүлөбү?
- фермерлер жана коомчулук үчүн органикалык өндүрүш жана органикалык продукциялар тууралуу ар кандай тренингдер үзгүлтүксүз өткөрүлүп турабы?
- органикалык өндүрүш боюнча көрсөтмөлөр, маалыматтык брошюралар жана буклеттер даярдалып, массалык маалымат каражаттарында жана социалдык тармактарда жайылтылдыбы?

### 3.4. Аудиттин көлөмү (анын ичинде аудитордук топтун курамы)

Аудиттин тандап алуусуна киргизилген КИӨЖОАЧ объектилеринин тизмеси:

- КИӨЖОАЧ аппараты – Бишкек шаары;
- КИӨЖОАЧ Чүй областы боюнча аймактык бөлүнүшү – Чүй району, Новопавловка а.;
- КИӨЖОАЧ Ысык-Көл областы боюнча аймактык бөлүнүшү – Каракол ш.;
- КИӨЖОАЧ Нарын областы боюнча аймактык бөлүнүшү – Нарын ш.;
- КИӨЖОАЧ Ош областы боюнча аймактык бөлүнүшү – Ош ш.;
- КИӨЖОАЧ Жалал-Абат областы боюнча аймактык бөлүнүшү – Жалал-Абад ш.

Аудиттин максаты Кыргыз Республикасында органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган иш аракеттердин натыйжалуулугун баалоо болуп саналат. Бул максатта аудитордук топтун алдында төмөнкү иш-чараларды аткаруу болгон:

- каралып жаткан темадагы жалпы кырдаалды, талап кылынган операциялардын көлөмүн жана текшерүү мөөнөтүн аныктоо;
- изилденип жаткан мезгилде системанын кандай иштээрин аныктоо;
- негизги тобокелдиктерге көзөмөл кандай жүргүзүлүп жатканын аныктоо жана анын натыйжалуулугун баалоо;
- көзөмөл эффективдүү иштеп жатканына далилдерди алуу;
- текшерилип жаткан субъекттин жетекчилигине керектүү сунуштарды берүү.

Аудит КР Эсептөө палатасынын аудитору – У.А. Жумагуловдун жетекчилиги астындагы төмөнкү аудитордук топ тарабынан жүргүзүлгөн:

- Р.М. Абдыкалыкова – натыйжалуулук аудитин жүргүзүү боюнча бөлүмүнүн башчысы – топтун жетекчиси;
- М.М. Сүйналиева – башкы мамлекеттик инспектор;

– Б.А. Токтасунова – Институционалдык өнүгүү жана аудиттин методологиясы боюнча башкармалыктын аналитиги;
– Ч.И. Ибраимова – натыйжалуулук аудитин жүргүзүү боюнча бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору;
– И.Э. Исаков – натыйжалуулук аудитин жүргүзүү боюнча бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору.

Аудиттин мезгил аралыгы: 01.01.2023-ж. тартып 01.07.2024-ж. чейин.

Аудиттин мөөнөтү: 11.09.2024-ж. тартып 31.10.2024-ж. чейин жүргүзүлдү.

**3.5. Аудиттин критерийлери**

- “КИӨЖОАЧ жөнүндө” Жобонун 10-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, тамак-аш өнөр жайы, айыл чарба продукциясын кайра иштетүү жана экспорттоо, жашыл айыл чарбасы, органикалык айыл чарбасы чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу, айыл чарбасында климаттын өзгөрүүсүн адаптациялоо жана жумшартуу, агрокластерди өнүктүрүү механизмдерин Министрликтин кароосуна киргизүү Департаменттин функцияларынын бири болуп саналат;
- Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине алты айлык мөөнөттө ОАЧ тиешелүү ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү тапшырылган;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасында “Органикалык продукция” программасын ишке киргизүү каралган;
- Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, органикалык өндүрүштү жана продукцияны сертификациялоо мыйзамдарда жана стандарттарда каралган органикалык өндүрүштүн, жүгүртүүнүн жана маркировкалоонун эрежелеринин шайкештигине карата жүргүзүлөт;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-мартындагы № 120-р буйругуна ылайык, органикалык өндүрүштүн кошумча нарк чынжырчасы – бул анын концепциясынан баштап товарды же кызматты өнүктүрүү үчүн зарыл болгон иш-чаралардын толук комплексин билдирет жана өндүрүштүн ар кандай этаптары аркылуу (анын ичинде физикалык өзгөрүүлөрдүн айкалышы жана ар кандай кызмат өкүлдөрүнүн салымы) акыркы керектөөчүгө жеткирүү жана сатуудан кийинки кызматтар болуп саналат;

- “КИӨЖОАЧ жөнүндө” Жобого ылайык, органикалык өндүрүш тармагына инвестицияларды тартуу, айыл чарбасында климаттын өзгөрүүсүн адаптациялоо жана жумшартуу максатында, департамент эл аралык финансылык институттар, донорлор, эл аралык жана ата мекендик инвесторлор менен өз ара аракеттенет;
- Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, органикалык өндүрүштү мамлекет тараптан колдоосу органикалык өндүрүштү өнүктүрүү жана каржылоо программаларын, анын ичинде кредиттерди жана гранттарды алып келүү аркылуу ишке ашырылат;
- “КИӨЖОАЧ жөнүндө” Жобонун 10-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, департамент биотехнологияларды жана жабдууларды, био жер семирткичтерди, биологиялык препараттарды, ата мекендик жана импорттук өндүрүштүн энтомофагдарын ишке киргизет жана жайылтат;
- “КИӨЖОАЧ жөнүндө” Жобонун 10-пунктунун 5-пунктчасына ылайык, департамент органикалык айыл чарбаны колдонууну маалыматтык камсыздоону жүзөгө ашырат, органикалык өндүрүш технологиялары жана жашыл айыл чарбасы боюнча методикалык колдонмолорду басып чыгарат, окутууну жүргүзөт жана чарба жүргүзүүчү субъекттерге консультациялык жана маалыматтык кызматтарды көрсөтөт, органикалык өндүрүштө инновациялык технологияларды колдонуу.

## 3.6. Аудиттин методдору жана ыкмалары

Аудиттин методу: Аудит субъектисинин ишинин жыйынтыктарын жана колдо болгон маалыматтарды талдоо, кызыкдар тараптар менен маектешүү, органикалык айыл чарбасындагы фермерлерден онлайн сурамжылоо жүргүзүү (КИӨЖОАЧ фермерлердин базасында), интервью, текшерүү.

Аудиттин ыкмасы: Системага багытталган ыкма.

## 3.7. Маалыматтардын булактары

- аудит тобу тарабынан алынган маалыматтар;
- аудит субъектисинен алынган маалыматтар;
- үчүнчү тараптардан алынган маалыматтар.

# 4. БАЙКООЛОР

## 4.1. Байкоолор жана корутундулар

| Байкоолор | Корутундулар |
|---|---|
| **ОАЧ ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун иштеп чыгуу үчүн жооптуу кызматкерлер аныкталганбы?**<br>“КИӨЖОАЧ жөнүндө” Жобонун 10-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, тамак-аш өнөр жайы, айыл чарба продукциясын кайра иштетүү жана экспорттоо, жашыл айыл чарбасы, органикалык айыл чарбасы чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу, айыл чарбасында климаттын өзгөрүүсүн адаптациялоо жана жумшартуу, агрокластерди өнүктүрүү механизмдерин  Министрликтин кароосуна киргизүү Департаменттин функцияларынын бири болуп саналат.<br>ОАЧ чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча функциялары КИӨЖОАЧнын Тышкы байланыштар, инвестициялар жана сертификациялоо бөлүмүнө жүктөлгөн. Ошол эле учурда аталган бөлүм жөнүндө жобо жана анын кызматкерлеринин кызматтык нускамалары департаментте кайра уюштуруу болгондугун (2024-жылдын мартында) эске алуу менен кайрадан каралган эмес.<br>2024-жылдын мартынан азыркыга чейин КИӨЖОАЧ жаңы түзүмү жана штаттык саны бекитиле элек. | Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча КИӨЖОАЧ функциясы жетишсиз деңгээлде аткарылууда.<br>ОАЧ маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу функциясынын аткарылышы жагынан көзөмөл начар.<br>КИӨЖОАЧ жетекчилигинин бат-баттан алмашуусу (акыркы 5 жылдын ичинде 4 директор алмашкан, жаңы директор 2024-жылдын июлунан бери дайындалган).<br>Көзөмөлдүн жана аткаруу тартибинин тиешелүү деңгээлде жүргүзүлбөгөндүгү ОАЧ боюнча ченемдик укуктук актылардын өз убагында иштелип чыгуусуна жана алардын сапатына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. |

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамы талап кылган ченемдик укуктук актылардын өз убагында иштелип чыкпагандыгынын жана бекитилбегендигинин себептери эмнеде?**<br>Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү тапшырылган.<br>Ушул Мыйзамдын талаптарын аткаруу үчүн төмөнкү мыйзам алдындагы актылар тиешелүү түрдө кабыл алынган эмес, алар:<br>– органикалык продукцияны ташуу үчүн колдонулган контейнерлерди маркировкалоонун атайын эрежелери;<br>– продукцияны маркировкалоонун техникалык шарттары;<br>– органикалык продукцияны импорттоо эрежелери;<br>– органикалык өндүрүштүн, жүгүртүүнүн жана органикалык продукцияны сертификациялоо системаларынын жана эрежелеринин башка өлкөлөр менен эквиваленттүүлүгүн таануу тартиби;<br>– органикалык өндүрүш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аккредиттелген сертификаттоо органын сертификаттоо органдарынын реестрине киргизүүнүн тартиби;<br>– сертификаттоо боюнча органдарды каттоо жана сертификаттоо органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү;<br>– топтук аттестациядан өтүүнүн эрежелери жана шарттары;<br>– сертификаттоо органдары тарабынан катталган органикалык өндүрүштүн операторлорунун тизмесин жүргүзүүнүн тартиби.<br>Бүгүнкү күндө бул мыйзам алдындагы актылар КИӨЖОАЧда 1,5 жылдан ашык убакыттан бери иштелип чыгуу баскычында турат. | Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын талаптары бузулуп, натыйжада мыйзам алдындагы актылар кабыл алынган эмес.<br><br>Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча КИӨЖОАЧ функциясы жетишсиз деңгээлде аткарылууда.<br><br>КИӨЖОАЧ жетекчилигинин бат-баттан алмашуусу жана тиешелүү көзөмөлдүн жана аткаруу тартибинин тиешелүү деңгээлде жүргүзүлбөгөндүгү байкалууда.<br><br>Ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда тышкы донорлордон жана консультанттардан консультациялык жардам алуу көз карандылыгы бар. |

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасына ылайык, тиешелүү мезгилге “Органикалык продукция” программасынын өз убагында кабыл алынбай жатышынын себептери эмнеде?**<br>Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасында “Органикалык продукция” программасын ишке киргизүү каралган.<br>КИӨЖОАЧ алгач 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында органикалык өндүрүштү өнүктүрүү программасынын долбоорун иштеп чыккан. Бул программа өз убагында бекитилбегендигине байланыштуу, мөөнөтү 2023-2027-жылдарга карта деп өзгөртүлүп, толукталып, кайрадан бекитүүгө сунушталган. Бирок, бул программа да өз убагында бекитилген эмес. Андан кийин 2024-2028-жылдарга Программа иштелип чыкты. Бирок бул программа дагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан кабыл алынбай, кайра артка кайтарылган. Бүгүнкү күндө КИӨЖОАЧ 2025-2029-жылдарга Кыргыз Республикасынын органикалык өндүрүштү өнүктүрүү программасынын долбоорун жаңыдан даярдап жатат.<br>Ошентип, Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планынын 499-пункту аткарылган жок. | Негизги себептери: Программанын долбоорунун макулдашуу процесстеринин узактыгы, аны ишке ашырууга каражаттын жетишсиздиги, көзөмөлдүн жетишсиздиги, формалдуу мамиле, КИӨЖОАЧ жетекчилигинин тез-тез алмашуусу.<br><br>Органикалык өндүрүштү өнүктүрүү программасынын жоктугу ОАЧ өнүктүрүү боюнча бирдиктүү концепциянын, көз караштын, багыттын, стратегиялык пландын жана финансылык ресурстардын жетишсиздигине алып келет. |
| **Органикалык өндүрүш операторлорунун расмий реестри барбы?**<br>Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 14-беренесине ылайык, органикалык өндүрүш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган органикалык өндүрүштүн операторлорунун, органикалык өндүрүштүн операторлорунун тобунун жана PGS | Органикалык өндүрүш операторлорунун расмий реестринин жоктугу кызыкдар тараптардын Органикалык өндүрүш жана органикалык продукциялары |

| | |
|---|---|
| системасынын операторлорунун реестрин жүргүзөт.<br>КР Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 2020-жылдын 5-октябрындагы №2 ДП буйругу менен ОАЧ продукциясынын өндүрүүчүлөрүнүн реестрин жүргүзүү эрежелери бекитилген. Бирок, бүгүнкү күндө алардын реестри эркин формада гана жүргүзүлөт (Excel таблицасында). Ошол эле учурда, бул реестрде айрым маалыматтар камтылбайт (Салык төлөөчүнүн ИНН, негизги мамлекеттик каттоо номери, жеке ишкерлердин бирдиктүү реестрине кирген датасы, жеке ишкерлерди мамлекеттик каттоонун жазуулары, шайкештик сертификатынын каттоо номери ж.б.).<br>ОАЧ продукцияны өндүрүүчүлөрдүн реестрин жүргүзүү эрежелеринин 2-пунктуна ылайык, реестр жалпыга жеткиликтүү болуп, КИӨЖОАЧ расмий сайтында жыл сайын жарыялануусу тийиш, бирок ал ишке ашырылбайт. | жөнүндө тиешелүү маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. |
| **Органикалык өндүрүш жана органикалык продукцияларды сертификациялоочу орган барбы?**<br>Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июлундагы № 400 токтому менен Органикалык продукцияны сертификациялоонун тартиби жөнүндө жобо кабыл алынган. | Бирок, бүгүнкү күндө, органикалык өндүрүш боюнча сертификаттоо органдары расмий каттала элек. |
| **Кошумча нарк чынжырчаны өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу экономикалык шарттар каралганбы?**<br>Кыргыз Республикасында 2017-2022-жылдарга органикалык айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү концепциясына ылайык, органикалык айыл чарба өндүрүшүн жана кошумча нарк чынжырчаны өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу экономикалык шарттарды түзүү пландаштырылган.<br>FAO менен жалпы суммасы 300,0 миң АКШ долларына түзүлгөн өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдун негизинде, Кыргызстандын «БИО-KG» органикалык кыймыл федерациясы кошумча нарк чынжырчаны өнүктүрүү үчүн 25,0 миң АКШ | Бүгүнкү күнгө чейин ОАЧ өнүктүрүүнүн бекитилген стратегиясы жок. 2023-2027-жылдарга кошумча нарк чынжырчаны өнүктүрүү жана чыңдоо боюнча иш-чаралар кабыл алынган эмес, бул мамлекеттик деңгээлде аны өнүктүрүү жана илгерилетүү боюнча |

| | |
|---|---|
| доллары өлчөмүндө гранттык колдоо алынган. Меморандумга ылайык, Кыргызстандын “BIO-KG” органикалык кыймыл федерациясынын алкагында иштеген кошумча нарк чынжырчанын мүчөлөрү тарабынан өндүрүлгөн төрт органикалык продукцияны эл аралык эксперт тандап алган. Ал тренинг өткөрүп, учурда аларды кайра иштетүү үчүн жабдууларды сатып алып берүүдө.<br>Долбоор продукттун концепциясы пайда болгон учурдан тартып акыркы керектөөчүгө чейин жашоо циклинин бардык этаптары аркылуу жылдырууну талдоо аркылуу нарк чынжырчаны оптималдаштыруу пландаштырууда. | чараларды көрүүгө тоскоолдук кылат. |
| **Эл аралык уюмдар жана донордук өнөктөштөр ОАЧ өнүктүрүүгө катышабы?**<br>ОАЧ өнүктүрүү максатында төмөнкү эл аралык уюмдар жана донордук өнөктөштөр менен кызматташуу жүргүзүлүүдө, алар: FAO, OSCE, KOICA, KOPIA, ENACTUS, WB. Органикалык айыл чарба чөйрөсүндөгү долбоорлор негизинен фермерлерди окутуу жана жабдуулар менен камсыз кылуу, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга көмөк көрсөтүү жана сатуу рынокторуна чыгууну жакшыртуу, жаңы технологияларды киргизүү сыяктуу максаттарга жетүүдө.<br>Аудит 2 долбоорду карап чыкты:<br>1) KOICA долбоорунун алкагында “2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында органикалык айыл чарба саясатын ишке ашырууну колдоо жана фермерлердин потенциалын жогорулатуу” долбоору (5,0 млн АКШ доллары).<br>Департаменттин кызматкерлери жана фермерлери окуудан өтүп, Кореяга окуу сапарлары уюштурулду.<br>Ысык-Көл облусунун 3 районунда органикалык продукция боюнча кооперативдер уюштурулган (Тосор, Маман жана Теплоключенко органикалык аймактары). Алар үчүн шире сыккыч, кургаткыч, трактор, картошка сорттоочу жабдуулар, шире | Тиешелүү мезгилге карата органикалык өндүрүштү өнүктүрүү программасынын жоктугу донордук каражаттарды натыйжалуу пайдалануусуна ыңгайсыз таасирин тийгизүүсү мүмкүн.<br><br>Аудиттин жүрүшүндө реконструкциялоодон кийин негизги каражаттардын баланстык наркынын өсүшү 33 798,9 миң сомго (378,5 миң АКШ доллары) жүргүзүлүп, топурак талдоо лабораториясынын 4 406,5 миң сомдук (49,3 миң АКШ доллары) жабдуулары бухгалтердик балանска кабыл алынган (капиталдаштырылган). |

| | |
|---|---|
| сактоо үчүн банкалар жана бочкалар сатып алынып берилген.<br>2) FAОнун “2022-2024-жылдарга органикалык продукцияны жөнгө салуу, сертификациялоо жана маркетинг чөйрөсүндө мамлекеттик жана жеке сектордун потенциалын күчөтүү” долбоорунун алкагында (300,0 миң АКШ доллары), ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча иш-чаралар аягына чыга элек.<br>2023-жылы KOICA долбоору 376,1 миң АКШ долларына КИӨЖОАЧ Ысык-Көл аймактык бөлүнүшүнүн (Каракол ш.) лабораториясынын имаратын толук реконструкциялады.<br>Ошондой эле, 49,3 миң АКШ долларына топурак талдоо лабораториясына тиешелүү жабдуулар алынып берилген. Ошол эле учурда, 8 айдан ашык убакыттан бери КИӨЖОАЧ имаратты реконструкциялоого сарпталган чыгымдарды эске алып, имараттын баланстык баасы капиталдаштырылган эмес. Андан сырткары, лаборатория үчүн алынып берилген жабдуулар да бухгалтердик балайска алынган эмес. Мындай жагдайлар, КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-П буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө» Жобонун 142-пунктунун талаптарын бузуу болуп саналат. | Бирок, жаңы түзүлгөн топурак талдоо лабораториясы 2024-жылдын февраль айынан бери бүгүнкү күнгө чейин иштебей келет. Себеби, тиешелүү квалификациядагы адистердин жетишсиздиги жана штаттык сандын чектелгендиги. |
| **Органикалык өндүрүүчүлөр үчүн мамлекеттик жеңилдетилген кредиттер жана субсидиялар каралганбы?**<br>Кыргыз Республикасынын “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын<br>3-беренесине ылайык, мамлекеттик колдоо чараларынын бири болуп ОАЧ өнүктүрүү жана каржылоо, анын ичинде жеңилдетилген кредиттерди жана акысыз субсидияларды берүү программаларын кабыл алуу саналат. 2022-жылдын март айында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети “Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоорун кабыл алган. Долбоордун максаты - агрардык сектордогу, анын ичинде | Органикалык өндүрүш кластеринде кредиттөө үлүшүнүн аздыгы фермерлердин өздөрүнүн финансылык сабаттуулугунун жетишсиздиги, коммерциялык банктардын кайра иштетүүчүлөр менен продукцияны келечекте сатып алуу боюнча келишимдерди |

| | |
|---|---|
| Органикалык өндүрүш кластеринде жеңилдетилген кредиттөө аркылуу ишкердик субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү. 2024-жылдын 1-июлуна карата, бул долбоордун алкагында, жалпысынан 6 820 фермерлер 12,4 миллиард сомдук жеңилдетилген насыяларды алышкан. Ал эми, “Органикалык өндүрүш” кластери боюнча 21 фермер (0,3%) жеңилдетилген кредиттерди алышкан, жалпы суммасы 75 515,0 миң сом (0,6%), анын ичинен 18 дыйкан-фермер 24 015,0 миң сом,<br>3 агрегаторлор (кайра иштетүүчүлөр) – 51 500,0 миң сом. | камсыздоо талаптары менен түшүндүрүлөт. Аудиттин алкагында сурамжылоого (онлайн) катышкан 149 фермердин ичинен 43% жеңилдетилген насыя алуу үчүн кайрылбаганын, бирок пландап жатканын, 16% кайрылганын, бирок ала албагандыгын, 23% насыяга муктаж эместигин, 18% ийгиликтүү алып колдонгонун айтышты. |
| **ОАЧ субъекттеринин КИӨЖОАЧ биологиялык лабораторияларынын продукцияларына болгон керектөөсүнө талдоо жүргүзүлөбү?**<br>“КИӨЖОАЧ жөнүндө” Жобонун 10-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, “Департамент биотехнологияларды жана жабдууларды (анын ичинде in vitro (in-vitro), биожер семирткичтерди, биологиялык препараттарды, ата мекендик жана импорттук өндүрүштүн энтомофагдарын) ишке киргизет жана жайылтат. Департаментке караштуу ар бир облуста биологиялык препараттарды өндүрүү боюнча 7 биологиялык лабораториялар бар. Биологиялык препараттардын 10го жакын түрү чыгарылат. 2024-жылдын 30-июнуна карата биологиялык препараттарды сатуудан түшкөн киреше 740,6 миң сомду түзгөн, план 2 107,7 миң сомду түздү (аткаруу 35%). 2023-жылы биологиялык препараттарды сатуудан түшкөн киреше 2 062,6 миң сомду түзгөн, план 3 142,6 миң сомду түздү (аткаруу 66%). Биологиялык лабораториялар эскирген технологияларды жана жабдууларды колдонуу менен иштейт. Өзгөчө биотехнология тармагында квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги инновациялык чечимдердин жетишсиздигине алып келет. | ОАЧ субъекттеринин КИӨЖОАЧ биологиялык лабораторияларынын продукцияларына керектөөлөрүн талдоо боюнча иштер жетишсиз деңгээлде жүргүзүлүүдө. Лабораториялардын эскирген материалдык-техникалык базасы (СССРде чыгарылган) өндүрүлгөн биологиялык продукциянын көлөмүн көбөйтүү, ошондой эле жаңы технологияларды ишке киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн чектейт. Биологиялык препараттарды жайылтуу боюнча маркетингдин жетишсиз деңгээлде жүргүзүлүшү, продукцияны сатуунун |

| | |
|---|---|
| Сурамжылоого (онлайн) катышкан 144 фермердин 47,5% гана бул биопрепараттарды колдонот, ошол эле учурда, продукциянын натыйжалуулугун жакшыртууну талап кылаарын белгилешти.<br><br>2017-жылы Нарын шаарына биологиялык лабораторияны куруу үчүн бюджеттик каражаттардын эсебинен 1,4 млн сомго анын фундаменти курулуп, бүгүнкү күндө, 7 жылдан ашык убакыттан бери бүтпөгөн курулуш катары токтоп турат (жалпы сметалык баасы 29 млн сом). | көлөмүнө терс таасирин тийгизет.<br>7 жылдан ашык убакыттан бери КИӨЖОАЧ Нарын ш. аймактык бөлүнүшү үчүн биолабораториянын курулушу бүтпөй келет. Себеби, каражаттын жетишсиздиги жана анын бүгүнкү күндө актуалдуулугуна талдоо жүргүзүлбөгөндүгү. |
| **Фермерлерге жана коомчулукка органикалык өндүрүш жана органикалык продукциялар тууралуу ар кандай окуу иш-чаралары үзгүлтүксүз өткөрүлүп турабы?**<br>КР “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, органикалык өндүрүштүн операторлорун органикалык продукцияны өндүрүүнүн көндүмдөрүнө жана инновациялык технологияларына окутууну уюштуруу,  органикалык продукцияларды маркировкалоо, коомчулукту жеткиликтүү маалыматтар менен камсыздоо мамлекеттик колдоо чараларынын бири болуп саналат.<br>КИӨЖОАЧ жөнүндө Жобонун 10-пунктунун 5-пунктчасына ылайык, департамент ОАЧ тууралуу органикалык өндүрүш технологиялары жана жашыл айыл чарбасы боюнча усулдук колдонмолорду чыгаруу, окутуу, чарба жүргүзүүчү субъекттерге консультациялык жана инновациялык технологияларды колдонуу боюнча маалыматтык кызматтарды көрсөтөт.<br>Фермерлердин органикалык дыйканчылыктын артыкчылыктары жөнүндө маалыматын жогорулатуу максатында, КИӨЖОАЧ жыл сайын эл аралык донордук уюмдардын каржылык колдоосу менен, ОАЧ субъектилери үчүн 100дөн ашык окуу семинарлары өткөрүлөт.<br>Мындан тышкары, КИӨЖОАЧ жыл сайын органикалык продукциянын жарманкесин өткөрөт. | Сурамжылоого катышкан (онлайн) 155 фермердин 40% органикалык өндүрүш боюнча маалыматы бар, 42% толук эмес маалыматка ээ, 12% аз маалыматка ээ жана 6% такыр маалыматы жок.<br>Ошондой эле, сурамжылоого катышкан фермерлердин 54% ОАЧ боюнча семинарларга дайым катышат, 33% сейрек катышат, 13% такыр катышкан эмес.<br>62% семинарлар жана тренингдер пайдалуу деп жооп беришкен, 42% жетишерлик пайдалуу эмес, жана 3% алар пайдалуу эмес деп жооп беришти.<br><br>Өткөрүлгөн ОАЧ семинарлардын жана тренингдердин |

| | |
|---|---|
| 2024-жылдын сентябрь айында эл аралык донордук уюмдардын колдоосу менен, “Органикалык ЭКСПО–2024” Борбордук Азиялык форуму Бишкек ш. өттү. Анын жыйынтыгында 2025-2028-жылдарга Борбордук Азияда органикалык айыл чарбаны өнүктүрүү боюнча “жол картасы” кабыл алынган. Ошону менен бирге, департамент бюджеттик каражаттардын жетишсиздигинен, өз алдынча семинарларды, жана жарманкелерди өткөрбөйт. Тийиштүү жылдарга окуу өткөрүү боюнча планы жок.<br>Бул функцияны ишке ашыруу эл аралык донордук уюмдардын каржылоосунан көз каранды. | жыйынтыгында алардын кандай пайдасы тийгендиги тууралуу КИӨЖОАЧ тарабынан окутулган фермерлер менен байланыш-баарлашуу жүргүзүлбөйт. |
| **Органикалык өндүрүш боюнча көрсөтмөлөр, маалыматтык брошюралар жана буклеттер даярдалып, таратылдыбы, алар массалык маалымат каражаттарында жана социалдык тармактарда жайылтылабы?**<br>КР “Органикалык өндүрүш жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, органикалык өндүрүштүн операторлорун маалыматтык, консультациялык жана методикалык колдоо, органикалык өндүрүштү, органикалык азыктарды иштетүү жана маркировкалоо жөнүндө маалымдоо мамлекеттик колдоо чараларынын бири болуп саналат. КИӨЖОАЧ жөнүндө Жобого ылайык, ОАЧ боюнча маалыматтык камсыздоо, органикалык өндүрүш технологиялары жана жашыл айыл чарбасы боюнча усулдук колдонмолорду басып чыгаруу департаменттин функциясы. Эл аралык донордук уюмдардын каржылык колдоосу менен органикалык өндүрүш боюнча методикалык сунуштар, брошюралар жана буклеттер даярдалып, басылып чыгарылып, таратылууда. Департамент бюджеттик каражаттардын жетишсиздигинен, өз алдынча аларды ишке ашырбайт. КИӨЖОАЧ социалдык тармактарда өзүнүн баракчаларына ээ, бирок аларды жүргүзүү үчүн жооптуу кызматкерлер расмий түрдө аныкталган эмес. Бул функцияны ишке ашыруу эл аралык донордук уюмдардын каржылоосунан көз каранды. | Сурамжылоого катышкан (онлайн) 147 фермердин ичинен ОАЧ тармагындагы мамлекеттик колдоо жана камсыздоо төмөнкүдөй бааланды: 16% - жетиштүү, 45% - орточо жетиштүү, 11% - жетишсиз жана 28% - колдоо жана камсыздоо жоктугун билдирди. |

Жалпысынан белгиленген критерийлерди, байкоолор жана корутундулар менен салыштырганда, 9 критерийдин ичинен 1 аткарылган, 5 жарым-жартылай аткарылган, 3 аткарылган эмес.

**Ушул себептерден улам, аудитордук топ органикалык айыл чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган иш аракеттердин натыйжалуулугу жетишерлик деңгээлде эместигин белгилейт.**

Органикалык айыл чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында, тиешелүү мамлекеттик органдардын алдында төмөнкүдөй негизги милдеттер турат: органикалык өндүрүштү өнүктүрүү боюнча стратегиялык документти кабыл алуу; КР "Органикалык өндүрүш жөнүндө" Мыйзамына ылайык, тиешелүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу; сертификациялоо системасын ишке киргизүү; мамлекеттик жеңилдетилген кредиттерди алууда фермерлерге колдоо көрсөтүү; органикалык өндүрүштүн кошумча нарк чынжырчасын өркүндөтүү; эл аралык уюмдардын жана донорлордун каражаттарын натыйжалуу пайдалануу.

# 5. СУНУШТАМАЛАР

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы токтому менен бекитилген иш-чаралар планынын 499-пункту "Органикалык продукция" өз убагында жана бүгүнкү күнгө чейин аткарылбагандыгына байланыштуу, тиешелүү жетекчилерге чаралар көрүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын "Органикалык өндүрүш жөнүндө" Мыйзамынын талаптарына ылайык, органикалык айыл чарбасынын ишин жөнгө салуучу мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгууну жана бекитүүнү тездетүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине**

1. Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаменти кайра түзүлгөндөн кийин ага жүктөлгөн жаңы милдеттерди жана функцияларды эске алуу менен, анын түзүмдүк түзүмү, түзүмдүк

бөлүнүштөрүнүн жоболору жана кызматкерлеринин функционалдык милдеттери бекитилсин.

2. “Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоорунун “Органикалык өндүрүш” кластерин ишке ашыруунун натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүлсүн.
3. Нарын шаарындагы Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаментинин биологиялык лабораториясынын бүтпөй калган курулушунун актуалдуулугу боюнча талдоо жүргүзүлсүн.

***Кыргыз Республикасынын Суу чарба, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаменти***

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июлундагы № 400 токтому менен бекитилген “Органикалык өндүрүштү сертификациялоонун тартиби жөнүндө” Жобого ылайык иштерди тездетүү боюнча чаралар көрүлсүн.
2. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 05.10.2020-жылдын 5-октябрындагы №2 буйругу менен бекитилген “Органикалык айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн реестрин жүргүзүү” эрежелерине ылайык реестр жүргүзүлсүн.
3. Каракол шаарындагы топурак талдоо лабораториясын ишке киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.
4. Органикалык айыл чарба субъекттеринин Департаменттин биолабораторияларынын продукцияларына болгон муктаждыктарына талдоо жүргүзүлсүн жана аларды сатуунун көлөмүн көбөйтүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.
5. Тиешелүү мезгилге органикалык айыл чарбасы боюнча тренингдерди жана семинарларды өткөрүү планы иштелип чыгып бекитилсин. Алардын жыйынтыгы боюнча, фермерлер менен семинарлардын жана тренингдердин пайдалуулугу жана натыйжалуулугу тууралуу байланыш иш-чаралары жүргүзүлсүн.
6. Департаменттин расмий сайты, жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык тармактар аркылуу органикалык айыл чарбасы жөнүндө маалыматтарды жайылтуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

Көрүлгөн чаралар боюнча маалымат Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына бир айлык мөөнөттө берилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**Аудитору** **У.А. Жумагулов**